Күнөөсүн жарыя кылгандардан башка үммөтүмдүн баары ккечирилет

Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айтканын уктум: "Күнөөсүн жарыя кылгандардан башка үммөтүмдүн баары ккечирилет. Жарыя кылуу мындай, бир адам түн ичинде күнөө кылып, Аллах анын жасаганын жашырат. Тиги болсо күндүзү: "О, баланча, мен түнү мындай, тигиндей иш кылдым" деп өзү жарыя кылат. Түндө аны Раббиси жашырган эле, Аллах жашырганды күндүзү өзү жарыя кылат".

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мусулман кишинин кылган күнөөсү кечирилерине үмүт бар экенин баяндайт. Бирок мактаныч менен кылган күнөөсүн уялбай жарыя кылган адам кечиримге ылайык эмес. Түнү күнөө кылат, аны Аллах жашырып койсо, эртеси бирөөлөргө түндө мындай күнөө кылдым деп өзү ашкере кылат. Түндө Аллах аны жашырган эле, күндүзү ал өзү Аллах жашырганды ашкере кылды.

https://sunnah.global/hadeeth/ky/show/3756